«БЕКИТЕМИН»
«РМУ» ББМнин ректору
м.и.к. М.Ч. Алымкулов

# «РОЭЛЬ МЕТРОПОЛИТЕН УНИВЕРСИТЕТИ» БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕСИНИН ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

**СМК – Ж – ОК – 8.5.1.107 – 2025**

Бишкек -2025

**Мазмуну**

1. Максаты жана колдонуу чөйрөсү......................................................................3
2. Терминдер жана аныктамалар.........................................................................3
3. Нормативдик шилтемелер..............................................................................3
4. Жалпы жоболор..................................................................................................4
5. Окумуштуулар кеңешинин максаты жана милдеттери................................4
6. Окумуштуулар кеңешинин функциялары жана ыйгарым укуктары..........4
7. Окумуштуулар кеңешинин укуктары............................................................5
8. Окумуштуулар кеңешинин курамы жана түзүмү.........................................6
9. Окумуштуулар кеңешинин ишин уюштуруу................................................6
10. Жыйынтыктоочу жоболор..............................................................................7
11. Сактоо жана архивдөө тартиби.....................................................................7

## 1. Максаты жана колдонуу чөйрөсү

Ушул Жобо «Роэль Метрополитен Университети» билим берүү мекемесинин (мындан ары — РМУ) Окумуштуулар кеңешинин укуктук статусун, максаттарын, милдеттерин, функцияларын, ыйгарым укуктарын, түзүмүн, калыптандыруу тартибин жана ишин уюштурууну аныктайт.

Жобонун максаты — университеттин билим берүү, илимий жана тарбиялык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө көмөктөшүүчү коллегиалдык башкаруу органы катары Окумуштуулар кеңешинин натыйжалуу иштешин камсыз кылган бирдиктүү нормаларды жана жол-жоболорду белгилөө.

Бул Жобо РМУнун бардык түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишмердүүлүгүндө колдонулат жана Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнө, профессордук-окутуучулук курамга, администрацияга, илимий кызматкерлерге жана студенттик коомчулуктун өкүлдөрүнө жайылтылат.

Жобо жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашыруунун алкагында РМУнун Окумуштуулар кеңешинин ишин жөнгө салат.

## 2. Терминдер жана аныктамалар

Ушул Жобонун максаттары үчүн төмөнкү негизги терминдер колдонулат:

- **Окумуштуулар кеңеши** — жогорку окуу жайдын стратегиялык, билим берүү, илимий, кадрдык жана тарбиялык саясат маселелерин жүзөгө ашыруучу коллегиалдык башкаруу органы.
- **Профессордук-окутуучулук курам** — окутуучуларды, доценттерди, профессорлорду жана университеттин илимий кызматкерлерин камтыган курам.
- **Академиялык эркиндик** — академиялык коомчулуктун мүчөлөрүнүн окутуу, изилдөө жүргүзүү жана билимдерди жайылтуу эркиндигине болгон укугу.
- **Кадр саясаты** — кадрларды тандоо, баалоо, өнүктүрүү жана шыктандыруу боюнча чаралардын жыйындысы.
- **Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы (КР ЖАК)** — Кыргыз Республикасында илимий даражаларды жана наамдарды ыйгаруу чөйрөсүндө илимий-методикалык жетекчиликти, координацияны жана көзөмөлдү жүзөгө ашыруучу мамлекеттик орган.

## 3. Нормативдик шилтемелер

Бул Жобо Кыргыз Республикасынын төмөнкү ченемдик-укуктук актыларына ылайык иштелип чыккан:

- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» 2023-жылдын 11-августундагы №179 Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын «Илим жөнүндө» 2023-жылдын 8-августундагы №170 Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 3-февралындагы №53 «Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюму жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтому;

- ISO 9001:2015;
- Университеттин Уставы;
- Жогорку окуу жайларда билим берүү, илим жана башкаруу чөйрөсүн жөнгө салуучу башка ченемдик-укуктук актылар.

**4. Жалпы жоболор**

4.1. Ушул Жобо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 3-февралындагы №53 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюму жөнүндө жобого, университеттин Уставына жана башка ченемдик-укуктук актыларга ылайык иштелип чыккан.

4.2. Окумуштуулар кеңеши — университеттин окуу, илимий, усулдук жана тарбиялык ишмердүүлүгү чөйрөсүндөгү ички саясатын иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу максатында түзүлгөн коомдук-кесиптик коллегиалдык башкаруу органы.

4.3. Кеңеш университеттин иштеши жана өнүгүшү боюнча негизги маселелерди жогорку кесиптик деңгээлде кароону жана чечүүнү камсыз кылат, ошондой эле адистерди сапаттуу даярдоого көмөктөшөт.

4.4. Окумуштуулар кеңеши өз ишмердүүлүгүндө ачыктык, коллегиалдуулук, академиялык эркиндик жана жоопкерчилик принциптерин жетекчиликке алат.

4.5. Окумуштуулар кеңешинин кадрларды тандоо, жайгаштыруу, кызматтан бошотуу жана финансылык-чарбалык ишмердүүлүк боюнча чечимдери, эгерде университеттин Уставында жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкача каралбаса, сунуш берүүчү мүнөзгө ээ.

**5. Окумуштуулар кеңешинин максаты жана милдеттери**

5.1. Окумуштуулар кеңешинин ишмердүүлүгүнүн максаты — жогорку окуу жайдын стратегиялык өнүгүшүнө көмөктөшүү жана окуу, илимий, инновациялык жана тарбиялык иштердин натыйжалуулугун жогорулатуу.

5.2. Окумуштуулар кеңешинин милдеттери:

- университетти өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарын иштеп чыгуу жана бекитүү;
- билим берүү ишмердүүлүгүнүн сапатын жогорулатуу;
- илимий изилдөөлөрдү колдоо жана өнүктүрүү;
- университеттин башкаруу түзүмүн өркүндөтүү;
- академиялык этиканы жана илимий маданиятты калыптандыруу.

**6. Окумуштуулар кеңешинин функциялары жана ыйгарым укуктары**

Окумуштуулар кеңеши төмөнкү функцияларды аткарат:

**6.1. Академиялык жана уюштуруучулук саясат:**

- университеттин жылдык жана келечектеги өнүгүү пландарын бекитүү;
- факультеттерди, кафедраларды жана башка түзүмдүк бөлүмдөрдү түзүү, кайра уюштуруу, жоюу, ириктөө жана бөлүү маселелерин кароо;

- мамлекеттик стандартка ылайык окуу пландарын, окуу процессинин графиктерин, тандоо дисциплиналарынын тизмесин жана квалификациялык мүнөздөмөлөрдү бекитүү;
- окуу дисциплиналарынын программаларын, студенттердин, аспиранттардын жана докторанттардын жекече окуу пландарын бекитүү тартибин жана алардын аткарылышын көзөмөлдөө тартибин аныктоо;
- окуу процессин уюштуруу, оптималдаштыруу жана санариптештирүү, ошондой эле натыйжалуу билим берүү технологияларын киргизүү маселелерин кароо.

**6.2. Илимий жана инновациялык ишмердүүлүк:**

- илимий-изилдөө иштеринин артыкчылыктуу багыттарын аныктоо;
- илимий ишмердүүлүк үчүн эмгектик, финансылык жана башка ресурстарды бөлүштүрүү;
- илимий бөлүмдөрдүн ишинин натыйжалуулугун баалоо жана аларды андан ары өнүктүрүү боюнча чечимдерди кабыл алуу;
- эл аралык илимий кызматташтык маселелерин кароо.

**6.3. Кадр саясаты:**

- профессордук-окутуучулук курамдын ишмердүүлүгү боюнча комиссиялардын корутундуларын угуу;
- доцент жана профессор окумуштуулук наамдарына талапкерлерди кароо жана көрсөтүү;
- кызматкерлерди мамлекеттик жана ведомстволук сыйлыктарга көрсөтүү боюнча чечимдерди кабыл алуу.

**6.4. Көзөмөл жана отчеттуулук:**

- проректорлордун, декандардын, кафедра башчыларынын жана түзүмдүк бөлүм жетекчилеринин отчетторун угуу;
- ректордун ыйгарым укук мөөнөтүнүн жыйынтыгы боюнча отчетун угуу;
- кеңештин чечимдеринин аткарылышын көзөмөлдөө.

**6.5. Социалдык жана тарбиялык иштер:**

- студенттерге атайын, университеттик жана башка стипендияларды ыйгаруу;
- тарбиялык жана жаштар саясаты боюнча программаларды талкуулоо жана колдоо.

## 7. Окумуштуулар кеңешинин укуктары

Окумуштуулар кеңеши төмөнкү укуктарга ээ:

- университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүнөн керектүү маалыматтарды талап кылуу жана алуу;
- конкреттүү маселелерди кароо үчүн комиссияларды жана жумушчу топторду түзүү;
- ички аудит жана экспертизаларды демилгелөө;

- университеттин Уставына өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштарды берүү;
- ыйгарым укуктарынын бир бөлүгүн кафедраларга жана башка бөлүмдөргө өткөрүп берүү;
- компетенциясына кирген маселелер боюнча шайлоо жана добуш берүүнү жүргүзүү.

**8. Окумуштуулар кеңешинин курамы жана түзүмү**

8.1. Окумуштуулар кеңешинин курамына төмөнкүлөр кирет:

- ректор (кеңештин төрагасы), проректорлор;
- окуу бөлүмүнүн башчысы жана факультеттердин декандары;
- профилдик кафедра башчылары;
- илимий-педагогикалык бөлүмдөрдүн жетекчилери;
- студенттик уюмдардын өкүлдөрү (жалпы курамдын 50%дан ашпоосу шарт, төрага кошо эсептелет);
- профессордук-окутуучулук курамдын өкүлдөрү;
- тышкы мүчөлөр — медициналык мекемелердин жетекчилери/орун басарлары, илим жана билим берүү өкүлдөрү, ошондой эле эмгеги сиңген дарыгерлер (макулдашуу менен жана зарыл учурда).

8.2. Окумуштуулар кеңешинин курамы ректор тарабынан 2 жылдык мөөнөткө мамлекеттик билим берүү органы менен макулдашылып бекитилет.

8.3. Мүчө мөөнөтүнөн мурда чыгып кеткен учурда, толуктоо окуу жылынын башында ошол эле тартипте жүргүзүлөт.

8.4. Кеңештин ыйгарым укуктарын кеңейтүү жана курамын калыптандыруу тартиби университеттин Уставында белгилениши мүмкүн.

**9. Окумуштуулар кеңешинин ишин уюштуруу**

9.1. Жыйындар үзгүлтүксүз, жылына кеминде бир жолу квартал сайын өткөрүлөт.

9.2. Жыйын мыйзамдуу деп эсептелет, эгерде мүчөлөрдүн кеминде 2/3 бөлүгү катышса.

9.3. Кадр маселелери, ошондой эле:

- окумуштуулук наамдарды ыйгаруу;
- КР ЖАКка көрсөтүү;
- сыйлыктарга сунуштоо

жашыруун добуш берүү аркылуу кабыл алынат.

9.4. Башка маселелер боюнча чечимдер (окуу, усулдук, илимий, тарбиялык, каржылык-чарбалык ишмердүүлүк) ачык добуш берүү менен жөнөкөй көпчүлүк аркылуу кабыл алынат.

9.5. Окумуштуулар кеңешинин чечимдери ректор тарабынан бекитилгенден кийин күчүнө кирет.

9.6. Жыйындар протоколго жазылат. Протоколдор төрага жана окумуштуу катчы тарабынан кол коюлат.

9.7. Төрага чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөөнү уюштурат жана кеңешке маалымат берип турат.

**10. Жыйынтыктоочу жоболор**

10.1. Ушул Жобо Окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилип, ректор кол койгондон кийин күчүнө кирет.

10.2. Жобого бардык өзгөртүүлөр жана толуктоолор РМУнун Окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилет.

10.3. Ушул Жободо каралбаган маселелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана университеттин Уставына ылайык чечилет.

**11. Сактоо жана архивдөө тартиби**

11.1. Окумуштуулар кеңешинин ишмердүүлүгүнө байланышкан документтер (ушул Жобо, жыйын протоколдору, чечимдер, буйруктар, мүчөлөрдүн тизмеси, добуш берүү материалдары жана башка документтер) белгиленген тартипте милдеттүү түрдө сакталат.

11.2. Документтерди жүргүзүү жана сактоо окумуштуу катчы тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана иш кагаздарын жүргүзүү талаптарына ылайык ишке ашырылат.

11.3. Протоколдордун түп нускалары жана бекитилген чечимдер жыл жыйынтыгы менен университеттин архивине өткөрүлөт.

11.4. Сактоо мөөнөттөрү мамлекеттик архив органы бекиткен типтүү документтер тизмесине жана университеттин ички номенклатурасына ылайык аныкталат.